И. АРАБАЕВ атындагы КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ

МАНАСТААНУУ ИНСТИТУТ

МАНАСТААНУУ ЖАНА МАДАНИЯТТААНУУ КАФЕДРАСЫ

Фольклордук практиканын

# КҮНДӨЛҮГҮ

Студент Абжапарова Айтургaн

курсу II группасы МБ-11-17

Практика өтүлгөн мекеме Ош обл Ноокат району Каранай, Беш-Буркан айылы.

Практика боюнча жетекчи ______________________
(кол тамгасы, Ф.А.А.)

2018 – жыл

Кундолуктун мазмуну

| куну | Аткарылган иштердин кыскача баяндамасы | эскертуу |
|---|---|---|
| 20.05.19 | Айылга бардык. | |
| 21.05.19 | Айыл ичиндеги улуу мундарды сурамжылоо:санжыра, уузчулук боюнча | |
| 22.05.19 | Айыл окмотуно бардык | |
| 25.05.19 | Жоомарт ата менен жолугушуу | |
| 27.05.19 | Жоомарт атанын онору мене таанышуу | |
| 28.05.19 | Мектептеги музейге бардык | |
| 30.05.19 | Чогулган маалыматтарды кагаз бетине тушуруу. | |

Кыргыз Республикасынын Билим беруу жана илим

министрлиги

И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети

Манастаануу жана маданият таануу кафедрасы

МБ-11-17 тайпасынын «_курсунун студенти Абжапарова Айтургандын 2018-2019 окуу жылындагы отулгон фольклордук практиканын жыйынтыгы боюнча

# ОТЧЕТУ

2018-жылдын 8-октябрь айынан тартып 20-октябрга чейин фольклордук практиканы Ош облусунун Ноокат районун Каранай, Беш-Буркан айылдарында отоп келдим.Практика башталар алдында фольклордук практиканын жетекчиси практиканын негизги милдети жана максаты элдик ооз эки чыгармаларынын жанрлары, турлору менен табигый шарттарда таанышуу, фольклордук чыгармаларды жыйноо методдорун, оздоштуруу жана ал материалды системалаштыруу, каталогго киргизу, архивдештируу жолдору тууралуу кенири айтып берди.Фольклордук отчеттун тузулушуно титулдук баракча, мазмуну, бети фольклорду айтуучунун паспорту жазылып алынган фольклордук материал фото отчет, аудио-видео жазуулар электрондук формасы талап кылынаарын эскертти.Мен учун элдик поетикалык материал менен таанышуу кыргыз фольклорунун жанрдык курамынын ар турдуулугун терендеп баамдоого мумкунчулук тузду.Менин бул практикадагы алдыга койгон эн негизги максатым – улуттук маданий мурастарды сактап калууга оз улушумду, салымымды кошуу жана элдин тарыхына , маданиятына кызыгууну арттыруу, коомдогу жаштардын патриоттук сезимдерин ойготуу.Фольклордук практикадагы милдетим –элдик ооз эки чыгармачылыкка байланышкан лекциялык жана практикалык

сабактардан алган билимдерди терендетуу кенейтуу табигый шартта аймактык элдик ооз эки чыгармачылык менен таанышуу изилдоо манастаануу жана маданияттаануу кафедрасын элдик ооз эки чыгармачылыкты жыйноо борборунун фольклордук архивин толуктоо болуп эсептелди.

Фольклордук практиканы оздоштурууго киришип жатып, мен элдик фольклордук жанрлар менен жалгашкан илимий иликтоолордун методологиялык жагдайын уйрондум.Мисалы:башка илимдердин алкагында кароого, этнография, антропология, тарых жана башка илимий теориялык изилдоолордун тематикаларын ажыратып билип ооз эки чыгармаларды жыйноо жана уюштурулушун, жаздыруу техникасын уйронуп, фольклордук материалды кайра иштеп чыгуу.Негизги ооз эки текстин спецификалык озгочолугун таанууга аны менен иштоого мумкундук алдым.

Бул фольклордук практикада мен коп нерсеге уйрондум.Адамдар менен мамиле куруугa суйлошууго жана алардан коптогон элдик ооз эки чыгармачылыктын улгулорун жазып алдым.Мисалга алсак лирикалык жанрга кирген Полотова Каныгул деген эжеден мен атасы каза болгондо айткан кошогун жазып келдим.Кошок булл элдик ооз эки чыгармачылыктагы каада-салт ырларынын бир туру.Мындан сырткары Атабеков Осмонали деген чон атадан автордук ырларын жана Беш-Буркан айылынын аталышы жонундо эпикалык жанрга кирген уламыш жазып алдым. Автордук ырларын карай турган болсок мага «Кетменим» деген ыры озгочо таасир калтырды.Дегеле фольклордо бул тема боюнча маалыматтар аз ошол себептен мен дагы оркундотуп изилдесем деген ойлорум фольклордук практикадан кийин жанданды десем болот.Жыйнап келген материалдарым менен фольклорго аз да болсо салым коштум. Мындан ары да элдик ооз эки чыгармачылыктын улгулорун жыйноого аракетимди жумшайм.

Атабеков Осмонали(1946.09.09)

Беш- Буркандагы той

Казанда кайнап шорполор

Эртеге бизде той болор

Адиа кошкон туугандар

Кез келди бугун ойлонор

Айылыбыз баары тойго чакырылат

Улоо менен кыйкырылып бакырылат

Шорпо кылып аш демделип чай кайнатып

Кызмат кылат туугандары жакынырaак

Тойго барсан видиочу тартат жолдо

Тойканада абдестелер даяр колдо

Колду жууп кол арчыга арчып болсо

Кыйкырышат келин дешип онго солго

Той ээси киргенде дуба болот

Жакшы тилек айтылып уйлор толот

Кызмат кылып туугандары чай чакырып

Тогуп чачып аябай нанын коет



## Кыш

Кычыраган кыш келип суук болду
Тондурду муздатты мурун колду
Тыным албай жаш балдар чана суйроп
Сыйгалак кылып койду чыйыр жолду

Бак дарактар жамынып ак бутакты
Кыз жигиттер баса кийип жун тумакты
Ойноп журот кыш чилдесин тоготпостон
Элестетем карап туруп жаш куракты

## Кетменим

Менде эмде бар?
Талдан сатуу кетмен бар
Бул кетменге максат менен жеткен бар
Кетмендин да эмгегине чыдабай
Женил иш издеп башка жакка кеткен бар

Кетмениме сыймыктанам даайыма
Жумуш бутсо коюп коем жайына
Дыйканчылык берекелуу болсун деп
Куран окуп дуба кылам айына

Кетменимди ардактаймын аяймын
Кундо жууп тазалаймын караймын
Кокус бироо койбосун деп мокотуп
Тор жагына асып коем сарайдын

Азынатып ат минип тоого чыксан
Туркун -туркун куштардын унун уксам
Алга карай деминип конул кушбак
Кере-кере толтуруп аба жутсам

Жаан жаай шорголотуп эч басылбай
Гулдор жыйнайт убакытка эч шашылбай
Кол чатыр менен кыз жигиттер сейил кылат
Суйуулорун туу тутушуп эч жашырбай

Сакалыныз аппак бубактай
Жашыныз сексен курактай
Жаштардан дагы онду жашаныз
Секирип эч бир кулатпай

# Насикат

Ойлонуп ойго батамын
Озунчо бугун капамын
Жаштык бир кылып журупмун
Тилин албай атанын

Насикат созун укпадым
Чашкеге чейин уктадым
Кеч киргенин билбестен
Кочомо кочо чуркадым

Жакшы бол десе болбодум
Жамандар менен ойнодум
Коздорум шишип турса да
Эсиме кирип койбодум

Тамеки менен аракты
Дагы эле чегип ичпедим
Ден соолук барат начарлап
Ачышып опком ичегим

Куч кубат кетип каруудан
Кыйын экенго каарыган
Колумдан келбей эч нерсе
Балдарыма заарыгам

Козумдун кетип нурлары

Жаштыгым кетип тургany

Узулбой колдон таягым

Конулум бугун сыздады

Суйуу дагы боекторго болунот

Женил суйуу боекторго чомулот

Жолуксанар энсоо женил суйууго

Башка боек ото сулуу корунот

Беш буркан айылы жонундо

Беш бир трууган жашаптыр.Алар абдан ынтымактуу болуп жакын жашаган элдерге жардам берип алардан ыраазычылыгын алып турушчу экен.Атагы чыгып элдер арасында бул жигиттер баатыр чыкты деген создор айтылып турчу экен.Алар козу отткончо жардамын аябай эрдигин корсотушуптур.ошол беш бир тууганддын бироосу бул айылга соогу коюлгандыгы учун беш буркан аталып калган деген эл ичинде уламыштар бар.

Бул жерде убагында эч ким жашаган эмес.Топурагы чопо болгон.Ошон учун топурагын ган колдонуп козо,ваза чоподон ар кандай буюмдарды бышырып **жасап жан багышкан дейт.Жасаган буюмдарын башка элдерге сатып соода-сатык жургузушкон.**Ошол чопону бышырып жасаганы учун бышыркан,бышыркан деп айтып журушкон экен айылдын атын Бышыркан деп андан кийин буркан аталып.Азыр бул айыл Беш буркан.Кызык жери бул жердин тургундары азыр да уй салып же башка казуу иштерин жургузушкондо жерден козонун чопо идиштердин калдыктары табылат экен.

## Полотова Каныгүл Мамытовна

Ак сайдан аккан дарыям
Айлансам атам карыям
Көк сайдан аккан дарыям
Айланам атам жанынддан

Ай айланып мен барсам
Айланып чыккан апам жок
Кун айланып мен барсам
Күлүп бир чыккан апам жок

Азайталы кейишти
Аралап жүрсүн бейишти
Айлансам энем дөөлөтүм
Эми сиздей ким болот

Саар турсам шамал жок
Сагынсам эми энем жок
Эрте турсам шамал жок
Эңсесем эми апам жок

Айланып учкан бар бекен
Айланган боом бар бекен
Айландырып карасам
Атадай дөөлөт бар бекен

Эменден салган көпүрө

Тайып кетти бутуңуз

Элимден жакшы кетти жакшы деп

Кейип кетти элиниз

Кайыңдан салган көпүрө

Тайып кетти бутунуз

Калкымдан жаман кетти деп

Кейип кетти калкыныз

Мамасадыкова Ташкан(1930)

Токтогул туткундан келгенде эл-журтуна туугандарына келип кошулса үйү,энеси,балдары,аялы жок ушул ырды ырдап турган экен.

Ак калпак кийсе жарашкан

Атаңдан жакшы бар бекен

Ак элечек орогон

Ак үйүнө кут конгон

Ак бешикти ылгаган

Эненден жакшы бар бекен

Апандан жакшы бар бекен

Арканда турса тирегин

Агандан жакшы бар бекен

Той томолок кылганда

Ак батасын берээрге

Бир тууган тагандан жакшы бар бекен

Мейман келсе кош деген

Мейманкана бош деген

Өйдө-ылдый жүгүргөн

Жакандөс салып мудургөн

Келинден жакшы бар бекен

Кызындан жакшы бар бекен

Жүрүп турса моторун

Унаадан жакшы бар бекен

Алла өзү асыраса



Абжапарова Зеби (1928-ж)

Ылдый болсо жөлөгүм

Каптаганда кан жолум

Кармаганда он колум

Көтөрүп барса баламды

Көкүлүнөн сылаган

Көңүлүмдү улаган

Атадай доолот кайда экен

Пешенемди сылаган

Конулумду улаган

Атадай доолот кайда экен

Ай тийбес зоодайым

Алтындан жасаган коодайым

Коодайымдын чекеси кетилет

Атамдын назары мага отулот

Алтындан комуз чаптырып

Куулоп коюп кетпедин

Асырап баккан балдарды

Уйлоп коюп кетпедин.

Мезгилине жеткирген

Баландан жакшы бар бекен

Шоопурдан жакшы бар бекен

Короолорун жык толсо

Койдон жакшы бар бекен

Келип турса үзүлбөй

Меймандан жакшы бар бекен

Ак чеч кылып элгесен

Гырмандан жакшы бар бекен